**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**
**ИВАНОВКА**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**ИВАНОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

## ТОКТОМ
## ИВАНОВКА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫ IX СЕССИЯСЫ

2022-жылдын 6 апрель № 50/IX-29 Ивановка а.

**« Ивановка айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча Жобосун кабыл алуу жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы № 54 “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында, 2022-жылдын 1-апрелиндеги “Ивановка айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча” Жобосун карап, талкуулап,

**Ивановка айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Ивановка айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-апрелиндеги “Ивановка айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча”” Жобосу № 1тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ивановка айыл өкмөтүнүн башчысы Мадиярова Мээрим Кадыркуловнага жүктөлсүн.

Ивановка айылдык
кеңешинин төрайымы Г.Т. Самсалиева

---

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**
**ИВАНОВКА**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**ИВАНОВСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ
## IX СЕССИЯ ИВАНОВСКОГО АЙЫЛНОГО КЕНЕША XXIX СОЗЫВА

от 06 апреля 2022 года № 50/IX-29 с. Ивановка

**«Об утверждении положения « Об упорядочении проведения семейных торжеств и поминальных обрядов на территории Ивановского айылного аймака»**

В целях исполнения Указа президента Кыргызской Республики № 54 от 24 февраля 2022 года «О мерах по упорядочению семейных торжеств и поминальных обрядов» рассмотрев и обсудив Положение Ивановского айыл окмоту «Об упорядочении проведения семейных торжеств и поминальных обрядов на территории Ивановского айылного аймака» от 1 апреля 2022 года

**Ивановский айылный кенеш**
**П О С Т А Н О В Л Я Е Т:**

1. Утвердить Положение Ивановского айыл окмоту «Об упорядочении проведения семейных торжеств и поминальных обрядов на территории Ивановского айылного аймака» от 1 апреля 2022 года согласно Приложения № 1.
2. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на главу Ивановского айыл окмоту Мадиярову Мээрим Кадыркуловну.

Председатель Ивановского
айылного кенеша Г.Т.Самсалиева

"БЕКИТЕМИН"
Ивановка айыл өкмөтүнүн башчысы
Малиярова М.К
"1" апрель 2022-ж.

**Ивановка айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө**

## I. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Бул Жобо "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ№ 54 Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүнүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты Ивановка айыл аймагындагы калктуу конуштарда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-санасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс жөрөлгөлөрдү күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## II. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Ивановка айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн Ивановка айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен курамы Ивановка айыл өккмөтүнүн кызматкерлеринен, Ивановка айылдык кеңешинин депутаттарынан, жергиликтуу коомдоштуктун, башкы ыйман өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2. Жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда, жума намазынын жыйындарында талкууланат, жалпы тааныштыруу үчүн жарнак такталарына илинет. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кенештин, жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын сайттарына жарыяланат.

2.4. Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү, жергиликтүү кенеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

## III. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

3.1.Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) тою, кыз узатуу, маараке салтанаттары ж.б. кирет.

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттар Ивановка айыл аймагындагы калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

3.3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүдө бир жандык (бир бодо мал же бир кой) союуга болот же чакан эт сатып келип өткөрүүгө болот.

3.4. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүдө түштөндүрүү жана севет берүүгө тыюу салынсын.

## IV. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

4.1. Өлгөндү акыркы сапарга узатууда жана куран окутуу аземдерин өткөрүүдө Ивановка айыл аймагынын тургундары өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жана ири акча каражаттарын чыгымдабастан өткөрүшү зарыл.

4.2. Өлгөндү акыркы сапарга узатууда ырым-жырымдарына (жыртыш, баштык, ж.б.) тыюу салынсын.

4.3. Өлгөндү акыркы сапарга узатууда жаназа окуп бүткөндө жакын туугандарынан тышкары, жергиликтүү тургундар тарап кетишсин.

## V. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары

Жобого ылайык үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү жергиликтүү комиссия кирет.

Бардык комиссиялар өздөрүнүн ишин документтештирет.

## V. Жергиликтүү комиссия

5.1. Жергиликтүү комиссия жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында түзүлөт. Анын курамында айыл өкмөтүнүн кызматкери, жергиликтүү кенештин төрагасы, диний уюмунун ыйманы, айыл аймактык кварталдык комитет, милициянын өкүлү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.2.Жергиликтүү комиссиясынын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптарын менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт (же акт түзөт, ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.

## VI. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

Ивановка айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн катуу эскертүү берилет.